DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2022

*Мамыралиева А.Т., Ашыралиева Б.А.*

# ТУРИЗМ ТАРМАГЫНЫН КЫРГЫЗСТАНДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮНӨ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Мамыралиева А.Т., Аширалиева Б.А.*

# ВЛИЯНИЕ ТУРИСТИЧЕСКОГО СЕКТОРА НА СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКОЕ РАЗВИТИЕ КЫРГЫЗСТАНА

*A. Mamyralieva, B. Ashiralieva*

# INFLUENCE OF THE TOURIST SECTOR ON SOCIO-ECONOMIC DEVELOPMENT OF KYRGYZSTAN

*УДК: 338.486*

*Туризм тармагы – Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалын өнүктүрүү үчүн артыкчылыктуу тармактардын бири болуп саналат. Бул макалада Кыргыз Республикасындагы туризм тармагынын 2016-2020-жылдардагы өнүгүүсүнө анализ жүргүзүлүп, бул сектордун өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө тийгизген таасири иликтенген. Изилдөөлөр көрсөтүп тургандай, отчеттук жылдар үчүн туризм тармагынын өсүү динамикасын байкоого болот. Өсүү тенденцияларына жараша, анын өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө да тийгизген таасири эбегейсиз чоң. Туризм тармагын өнүктүрүүдө тоскоол болгон факторлор аныкталып, бул тармакты мындан ары да өнүктүрүү сунушталат. Бул макаланы жазууда теориялык база катарында, чет элдик жана ата мекендик илимий адабияттар, электрондук ресурстар жана басма сөз макалалары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын статистикалык комитетинин жылдык отчетторунун материалдары эсептелди.*

***Негизги сөздөр*:**. *туризм, социалдык-экономикалык өнүгүү, чарба жүргүзүүчү субъекттер, туристтик агенттиктер, ички дүң продукция, динамикалык өсүү, статистика, рынок, бюджет, өнөр жай.*

*Сфера туризма – одна из приоритетных отраслей для развития социально-экономического положения Кыргызстана. В данной статье проведен анализ развития сектора туризма в Кыргызской Республике за 2016-2020 годы и изучено влияние этого сектора на социально-экономическое развитие страны. Исследования показывают, что за отчетные годы можно наблюдать динамику роста туристической отрасли. В зависимости от тенденций роста его влияние на социально-экономическое развитие страны огромно. Выявлены факторы, препятствующие развитию отрасли туризма, предлагается дальнейшее развитие этой отрасли. При написании данной статьи теоретической базой являлись зарубежная и отечественная научная литература, электронные ресурсы и печатные статьи, а также материалы годовых отчетов статистического комитета Кыргызской Республики.*

***Ключевые слова:*** *туризм, социально-экономическое развитие, хозяйствующие субъекты, турагентства, валовой внутренний продукт, динамичный рост, статистика, рынок, бюджет, промышленность.*

*Tourism is one of the priority sectors for the development of the socio-economic situation in Kyrgyzstan. This article analyzes the development of the tourism industry in the Kyrgyz Republic in 2016-2020 and examines the impact of this industry on the socio-economic development of the country. Studies show that it is possible to trace the growth dynamics of the tourism industry over the reporting years. Depending on the growth trends, its impact on the socio-economic development of the country is enormous. Obstacles to the development of the tourism industry have been identified and further development of this industry has been recommended. As a theoretical basis for writing this article, foreign and domestic scientific literature, electronic resources and printed articles, as well as materials from the annual reports of the Statistical Committee of the Kyrgyz Republic were used.*

***Key words:*** *tourism, socio-economic development, business entities, travel agencies, gross domestic product, dynamic growth, statistics, market, budget, industry.*

**Киришүү**. Кыргызстан эл аралык жана аймактык деңгээлде туризмди өнүктүрүүгө эбегейсиз мүмкүнчүлүгү бар мамлекет болуп саналат, анткени, жеринин кооздугу, кол тийбеген фаунасы, экологиялык жактан тазалыгы, көчмөн элинин кайталангыс маданияты бир көргөн адамды сөзсүз өзүнө тарта алат. Кыргызстандагы туризм тармагын экономиканы өнүктүрүүдөгү мамлекеттик артыкчылыктуу тармактарынын бири катары кароого болот. Изилдөөнүн негизинде алынган статистикалык жана эмпирикалык маалыматтар, Кыргызстандын туристтик продуктусуна кызыгуунун өсүп жаткандыгын жана туристтердин санынын өсүшү менен сатуу рынокторунун кеңейип жаткандыгы боюнча тенденцияларын көрсөтүп турат.

“Азыркы учурда туризмдин динамикалуу өсүшүн, анын экономиканын башка секторлоруна сезилерлик мультипликативдүү таасирин, коомдун жана айлана-чөйрөнүн бакубаттыгын көңүлгө алуу менен Кыргыз Республикасынын туристтик тармагы келечекте өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болушу керек [1]” - деп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2023-жылдарга туризм чөйрөсүн өнүктүрүү программасында айтылат

**Актуалдуулугу.** Бүгүнкү күндө туризм дүйнөлүк экономиканын гана эмес, Кыргызстандын да тез өнүгүп келе жаткан, динамикалуу секторлорунун негизгилеринин бири болуп саналат. Туризм тармагынын өнүгүүсү менен өлкөнүн бюджетин толтуруу, аймактардын өнүгүүсүнө көмөктөшүү, ошондой эле жергиликтүү калктын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу сыяктуу көптөгөн маселелер чечилет, бул өз кезегинде мамлекеттин экономикасынын өнүгүүсүндө маанилүү ролду ойнойт. Жогоруда ба-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



яндалгандарды эске алып, туризм тармагынын учурдагы өнүгүүсүн изилдөө, изилденип жаткан теманын актуалдуулугун көрсөтөт.

**Изилдөөнүн максаты.**

Туризм тармагынын өнүгүүсүнө таасир этүүчү негизги факторлорду жана бул тармактын өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө тийгизген таасирин окуп-үйрөнүү.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** жалпы илимий методдор болуп эсептелген статистикалык, графикалык, салыштыруу методдору түздү.

**Автордук изилдөөнүн жыйынтыктары.**

Туризм тармагынын башка өнүккөн өлкөлөрдөгү абалынын статистикасы менен таанышып көрө турган болсок, төмөнкүдөй жыйынтыкты алууга болот:

Франция - 88,9 млн саякатчы жыл ичинде;
Испания - 82,2 млн;
США - 72,9 млн;
Китай - 59,3 млн;
Италия - 57,8 млн;
Турция - 39,9 млн;
Мексика - 39,3 млн;
Великобритания - 38,7 млн;
Германия - 37,6 млн;
Таиланд - 34, 7 млн.

Статистика көрсөтүп тургандай, Франция көп жылдардан бери дүйнөнүн булуң-бурчунан келген саякатчылардын арасында эң популярдуу өлкө болуп саналат. Ал эми Кыргызстандын туризм тармагы боюнча статистикалык маалыматтары төмөндө келтирилет.

Кыргызстанда туризм тармагы мамлекеттик деңгээлде экономиканын артыкчылыктуу тармактарынын бири катары таанылган.

Республиканын аймагында 14 курорттук – рекреациялык, 10 тоо туристтик жана альпинисттик зоналар бар. Өлкөнүн рекреациялык жактан өнүгүүсү - дарылоочу баткактын ири запасы, экологиялык жактан таза жана цивилизациялык өзгөрүүлөр таасир этпеген ландшафттар, минералдарга бай жылуу булактардын болушу менен шартталган. Жогорудагы шарттардын болушу Кыргызстанда туризм жана курорттук эс алуу үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Табигый кооз жерлерден тышкары, Кыргызстан тарыхы бай өлкө болуп саналат. Ал аркылуу айтылуу Улуу Жибек Жолу өткөн. Республиканын аймагында беш миңден ашуун тарыхый жана маданий эстеликтер бар.

Өлкөдөгү туризм индустриясынын өнүгүшү жана жогорулашы төмөнкү көрсөткүчтөр менен далилденет (1-таблица).

*1-таблица*

**Ишмердиктин түрлөрү боюнча туризм чөйрөсүндө катталган чарба жүргүзүүчү субъектилер (юридикалык жактар)**

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|
| | Бирдик | | | | |
| **Бардыгы** | **3 158** | **3 318** | **3 481** | **3 728** | **4 000** |
| Мейманкалар | 157 | 168 | 181 | 194 | 216 |
| Эс алуу жана туризм ишканалары | 224 | 230 | 244 | 259 | 270 |
| Ресторандар | 411 | 424 | 457 | 495 | 542 |
| Туристтик агенттиктер жана туроператорлор | 2 274 | 2 402 | 2 499 | 2 680 | 2 878 |
| Санатордук-курорттук мекемелер | 73 | 75 | 78 | 78 | 71 |
| Жаратылыш парктар жана коруктар | 19 | 19 | 22 | 22 | 23 |
| **Жыйынтыкка карата пайыз менен** | | | | | |
| **Бардыгы** | **100** | **100** | **100** | **100** | **100** |
| Мейманкалар | 5,0 | 5,1 | 5,2 | 5,2 | 5,4 |
| Эс алуу жана туризм ишканалары | 7,1 | 6,9 | 7,0 | 6,9 | 6,8 |
| Ресторандар | 13,0 | 12,8 | 13,1 | 13,3 | 13,6 |
| Туристтик агенттиктер жана туроператорлор | 72,0 | 72,4 | 71,8 | 71,9 | 72,0 |
| Санатордук-курорттук мекемелер | 2,3 | 2,3 | 2,3 | 2,1 | 1,8 |
| Жаратылыш парктар жана коруктар | 0,6 | 0,6 | 0,6 | 0,6 | 0,6 |

Өлкөнүн туризм тармагын өнүктүрүүгө туризм тармагында катталган чарбалык субъектилердин көбөйүшү далил болот. 1-таблицадан көрүнүп тургандай, изилденип жаткан мезгил аралыгында, б.а. 2016-2020-жылдар ичинде бул тармак боюнча ишкердик жүргүзгөн чарбалык субъектилердин саны 842ге өскөн. Тактап айтканда, мейманканалар - 59, эс алуу жана туризм ишканалары - 46, ресторандар - 131, туристтик агенттиктер жана туроператорлор - 604, жаратылыш парктар жана коруктар - 4 бирдикке көбөйгөндүгү көрүнүүдө [2].

Демек, бул көрсөткүчтөр өлкөдө туризм тармагы өнүгүү багытында бара жаткандыгынын айкын мисалы.

Туризм тармагы боюнча кызмат көрсөткөн чарбалык субъектилердин басымдуу бөлүгү Бишкек

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557




шаарында - 5,7 миң субъект (42,4 пайыз), ошондой эле Ысык-Көл облусунун курорттук зонасында - 1,9 миң субъект (13,9 пайыз) жайгашкан.

Эң көп мейманканалар, эс алуучу жана туризм ишканалары, туристтик агенттиктер Бишкек шаарында жана Ыссык-Көл облусунда, санаторий-курорттук мекемелердин көпчүлүгү өлкөнүн Ысык-Көл, Чүй жана Ош облустарында жана жаратылыш парктары республиканын бардык аймактарында жайгашкан.

Бул сферада жеке ишкердик иш-аракети менен алектенген 100,2 миңден ашуун жеке адамдар бар, бул катталган чарбалык субъекттердин жалпы санынын 87,8 пайызын түзөт.

Кыргыз Республикасында туризм тармагы жумуш менен камсыз кылуу боюнча алдыңкы орунду ээлейт (1-график).




**1-график.** Туризм чөйрөсүнүн кызматкерлеринин тизмелик орточо саны, адам.

1-графиктен көрүнүп тургандай, туризм тармагында жумуш менен камсыз кылуу 2019- жылы 2015-жылга караганда 487 адамга, же болбосо 6% га жогорулаган. Ушул көрсөткүчтөргө карабастан, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин расмий маалыматтары боюнча, акыркы 5 жылдагы туризмдин ИДПдагы үлүшү анчалык деле чоң эмес үлүш болуп калды, 2015-жылы ИДПдагы үлүшү 4,7% же 49204,5 миллион сомду түзсө, бул көрсөткүч 2019-жылы - 5, 2% же 73 177,0 млн. сомду түзгөн (2-таблица).

*2-таблица*

**Туризм тармагынын ИДП дагы үлүшү**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|
| Туристтик ишмердик чөйрөсүндөгү кошумча дүң нарк, млн. сом | 20331,4 | 21673,8 | 26323,1 | 28720,5 | 30389,5 |
| ИПДдагы туристтик ишмердик чөйрөсүнүн үлүшү, пайыз менен | 4,7 | 4,6 | 5,0 | 5,0 | 5,2 |

*3-таблица*

**Кыргыз Республикасында 2015-2019-жылдар үчүн туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун жана импортунун динамикасы**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|
| | **АКШнын млн. доллары** | | | | |
| **Экспорт** | **410,1** | **415,6** | **418,2** | **453,4** | **613,1** |
| анын ичинде: | | | | | |
| КМШ өлкөлөрү | 353,7 | 362,9 | 363,7 | 386,8 | 545,6 |
| КМШдан тышкаркы өлкөлөр | 56,4 | 52,7 | 54,5 | 66,6 | 67,5 |
| **Импорт** | **394,3** | **437,3** | **345,6** | **275,5** | **379,8** |
| анын ичинде: | | | | | |
| КМШ өлкөлөрү | 304,8 | 319,4 | 292,2 | 241,6 | 310,2 |
| КМШдан тышкаркы өлкөлөр | 89,5 | 117,9 | 53,4 | 33,9 | 69,6 |
| | **Мурунку жылга карата пайыз менен** | | | | |
| **Экспорт** | **100,5** | **101,3** | **100,6** | **108,4** | **135,2** |
| анын ичинде: | | | | | |

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| КМШ өлкөлөрү | 100,7 | 102,6 | 100,2 | 106,4 | 141,1 |
| КМШдан тышкаркы өлкөлөр | 99,3 | 93,4 | 103,4 | 122,2 | 101,4 |
| **Импорт** | **104,5** | **110,9** | **79,0** | **79,7** | **137,9** |
| анын ичинде: | | | | | |
| КМШ өлкөлөрү | 107,6 | 104,8 | 91,5 | 82,7 | 128,4 |
| КМШдан тышкаркы өлкөлөр | 95,0 | 131,7 | 45,3 | 63,5 | 205,3 |

Өлкөнүн туризм тармагынын динамикалуу өнүгүүсүнүн дагы бир далили болуп, туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту (чет өлкөлүк жарандарга көрсөтүлгөн туризм, транспорт, маданий кызматтар үчүн төлөмдөр) жана туризм кызматтарынын импорту (Кыргыз Республикасынын жарандарына көрсөтүлүүчү туристтик кызматтар) жөнүндө маалыматтар саналат (3-таблица).

Кыргыз Республикасында анализденип жаткан мезгил ичинде туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту менен импортунун түзүмүндө көрсөткүчтөрдүн өсүү динамикасы байкалууда, эгерде 2015-жылы туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту 410,1 млн. долларды түзсө, анда 2019-жылы бул көрсөткүч 149,5% га көбөйгөн, б.а. 613,1 млн долларды түздү [2].

Туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту 2015-жылдагы 394,3 млн доллардан 2019-жылы 379, 8 млн долларга чейин өсүү тенденциясына ээ, Кыргызстандан туристтердин негизги агымы КМШ өлкөлөрүнө - 304,8 млн доллар, ал эми алыскы чет өлкөлөр боюнча 89,5 млн АКШ долларына жакын.

Туризм тармагынын өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүгө кошкон салымын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдында Мамлекеттик туризм агенттиги түзүлгөн. Бул агенттик тарабынан улуттук туристтик өнүмдү жайылтуу боюнча бир катар алгылыктуу жумуштар жүргүзүлгөн. Ал эми туризм агенттигинин жоюлушу, дүйнө коомчулугуна, Кыргыз өлкөсүнүн туризм үчүн жагымдуу өлкө экендиги боюнча маалыматтардын жетишсиздигине алып келди.

Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүндө туризмдин социалдык-экономикалык чөйрөдөгү ролу, республикалык бюджеттин чыгымдарын божомолдоодо жана пландаштырууда алгылыктуу эске алынбай келе жатат [3,4]. Ушул себептен, “Кыргызстан – туризмдин өлкөсү” брендин астында маркетинг жана улуттук туризм өнүмүн илгерилетүүгө каражат жетишсиз болуп келүүдө.

Бул учурдагы Кыргызстандын дүйнө жүзү боюнча туризм үчүн жагымдуу өлкө болуу популярдуулугун даназалоого жетишсиз.

Туризмди өнүктүрүү көйгөйлөрүн натыйжалуу чечүү, өлкө экономикасына валюталык кирешелердин жана инвестициялардын, ошондой эле ички жана тышкы туризмдин агымын кыйла көбөйтөт [5].

**Жыйынтыктоо.** Бирдиктүү туристтик продуктту түзүү үчүн инвестицияларды тартуу керек. Анда туристтердин Өзбекстан, Казакстан, Тажикстан жана Кытай менен чектешкен жерлеринен өтүүсүн жөнгө салган тиешелүү мыйзамдык ченемдер болушу максатка ылайыктуу.

Европа өлкөлөрүнүн туристтик бизнес жаатындагы бай тажрыйбасын эске алуу менен, Кыргызстан жалпы европалык базардан инвестицияларды жигердүү тартууга чоң кызыгуу көрсөтүүсү жана туризм алмашуу жаатында кызматташтыкты күчөтүшү керек. Ошондой эле туристтердин негизги булактары болуп эсептелген Россия, Түштүк-Чыгыш Азиянын региондору, Түндүк Америка жана Япония сыяктуу өлкөлөр менен туризм интеграциясын жогорулатуу керек.

Республикада туризмдин өнүгүү тенденциясы көбүнчө мамлекет менен туроператорлордун ортосундагы мамиледен көз каранды. Туроператорлордун ишинин натыйжалуулугу үчүн экономикалык шарттарды түзүү туризм секторун туруктуу өнүктүрүүнүн ачкычы болуп саналат. Бүгүнкү күндө туристтик компаниялардын санынын өсүшүнө негизги бөгөт болуп жаткан факторлор төмөнкүлөр: салыктын жогорку деңгээли, насыялардын жогорку пайыздык чендери, инвестициялардын жетишсиздиги, коррупция жана башка бир катар институционалдык көйгөйлөр.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2023-жылдарга туризм чөйрөсүн өнүктүрүү программасы – электрондук ресурс: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/12943
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин отчеттору (2016–-020-жылдар) - электрондук ресурс: http://www.stat.kg/ru/
3. Мамыралиева А.Т. Экономико-математическое моделирование взаимосвязи между основными макроэкономическими параметрами в условиях рыночной экономики (на примере Кыргызской Республики): дис. канд. экон. наук. - Жалал - Абад, 2019 - 163 с.
4. Мамыралиева А.Т. Применение метода корреляционно-регрессионного анализа в определении взаимосвязи ВВП и безработицы / Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2017. - № 3. С. 91-93.
5. Толонов Э.Н. Современное состояние туризма и его развитие / звестия ВУЗов (Кыргызстан). - Бишкек - 2015. № 2. С. 165-166.